**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**ТОКТОГУЛ РАЙОНУ**
**АБДЫ СУЕРКУЛОВ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АБДЫ СУЕРКУЛОВ**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТОКТОГУЛЬСКИЙ РАЙОН**
**АБДЫ СУЕРКУЛОВСКИЙ**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**АБДЫ СУЕРКУЛОВСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

Абды Суеркулов айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезексиз XVIIIсессиясына катышкан депутаттардын

Т И З М Е С И

| | | |
|---|---|---|
| 1. | Абазова Асыл Сүйналиевна | Көтөрмө шайлоо округу |
| 2. | Ажыкулова Райма | Кара Жыгач шайлоо округу |
| 3. | Исаков Жетиген Жакышович | Көтөрмө шайлоо округу |
| 4. | Малабеков Талантбек Керезович | Көтөрмө шайлоо округу |
| 5. | Мурзабеков Дүрбөл | Торкен шайлоо округу |
| 6. | Тиленбаев Урумкалый | Кара Жыгач шайлоо округу |
| 7. | Токтоказиев Улан | Торкен шайлоо округу |
| 8. | Аскарбеков Расул | Торкен шайлоо округу, |
| 9. | Мусабаева Элнура | Торкен шайлоо округу |
| 10. | Чыйрымбаев Ильдар | Торкен шайлоо округу |
| 11. | Бучуков Уланбек | Кара Жыгач шайлоо округу |
| 12. | Өмүрбеков Ильяз | Торкен шайлоо округу |
| 13. | Тилекматов Руслан | Торкен шайлоо округу |
| 14. | Таалайбек уулу Курсант | Кара Жыгач шайлоо округу |
| 15. | Куттубаева Гульсара | Торкен шайлоо окуругу |
| 16. | Таласбаева Токтогүл | Торкен шайлоо округу |
| 17. | Асанов Нурлан Зулумович | Кара Жыгач шайлоо округу |

Себептүү катышпаганы

| | | |
|---|---|---|
| 1. | Мадияр кызы Таңзаада | Торкен шайлоо округу |
| 2. | Касымбаева Назгүл | Кара Жыгач шайлоо округу |

Себептүү катышпаганы жок.

**Кеңештин төрагасы** **К.Таалайбек уулу**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫНЫН<br>ТОКТОГУЛ РАЙОНУНУН<br>АБДЫ СУЕРКУЛОВ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АБДЫ СУЕРКУЛОВ<br>АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОКТОГУЛЬСКИЙ РАЙОН<br>АБДЫ СУЕРКУЛОВСКИЙ<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>АБДЫ СУЕРКУЛОВСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Абды Суеркулов айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезексиз XVIII сессиясынын**

П Р О Т О К О Л У

16-май 2022-жыл Торкен айылы.

Абды Суеркулов айылдык кеңешинин төрагасы Таалайбек уулу Курсант

Урматтуу депутаттар!

Бүгүнкү кезексиз сессияга келүүгө тийиш эле 19 депутат. Катышып олтурат 17 депутат. Себептүү катышпаганы 2, себепсиз катышпаганы жок. Сессия өтүүгө кворум бар, сессияны ачуу үчүн кимде кандай сунуш бар? Эгер жок болсо сессияны ачылсын деген депутаттардын добуш берүүсүн сурайм. Каршы, калыс жок. Сессияны бир добуштан ачык деп жарыялайм.

Төрага –урматтуу депутаттар күн тартибине өтсөк, бүгүнкү кезексиз сессияда күн тартибине төмөндөгү маселелер каралды.

**Күн тартибиндеги каралуучу маселе:**

1. Абды Суеркулов айыл өкмөтүнө караштуу Торкен, Көтөрмө жана Кара-Жыгач айылдарынын архитектуралык башкы пландарын даярдоодо керектүү социалдык жана башка обьектилерди камтуу үчүн сунуштарды берүү. Маалымат берет жер адис Э.Жуматаев
2. Торкен айылынан жайыт жеринен өнөр жай жана транспорт байланыш категориясына трансформациялоодо кошумча аянттардын кошулушуна байланыштуу 26-май 2022-жылдагы №61-токтомду өзгөртүү. Маалымат берет Э.Жуматаев
3. Кара-Жыгач айылынан чыккан география илиминин доктору Акматов Руслан Тынымсейитовичти Токтогул районунун “Ардактуу атуулу” наамына сунуш кылуу жөнүндө. Маалымат берет У.Бучуков

Кимде кандай суроолор сунуштар бар.

М.Кадыркулов-менде сунуш бар. Көтөрмө айылындагы эски ФАП боюнча Көтөрмө айылынын тургуну Чотуров Сүйүнт деген жараны акимге кирип жатат. Менин оюмча эски ФАПты айылдын тарахый музейи кыламдеп бирок үй эле кылып алгысы келип жатат. Көтөрмөнүн жараны Бейшен деген мага спонсор болом деген деп айткан. Бейшендин өзүнөн сурасам, билбеймдеп жооп берди. Ошону эмне кылалы.

Төрага чыр-чатак комиссиясына берели.

Р.Тилекматов-Көтөрмө айылынын элине салалы.

М.Кадыркулов-илгери Токтогулдун музейин көрүнүктүү жерге жайгаштыралы дешкенде болбой Чолпон-Атага салдырып коюшкан, азыр ал жака эчким барбайт. Ошол сынары Көтөрмөнүн ичине музейге эч икм барбайт. Токтогул райондук маданият үйүндө бир кабинет беришиптир.

А.Абазова-бизде Көтөрмөдө Семетейчи Сейдана деген да атуул бар. ал кишиге деле музей кылса болот.

Төрага-Көтөрмө айылынын элдик жыйындан талкуу болсун. Анан карайлы азырынча күн тартибине кирбейт. Башка сунуштар барбы, жок болсо анда күн тартибин бекитилсин деген депутаттар добуш берип койсонуздар. Каршы калыс жок күн тартиби бекитилди. Күн тартибине өтсөк, 1-маселе боюнча маалымат берет Э.Жуматаев

1-маселе.

Э.Жуматаев- өткөндө Президентибиз Садыр Нуркожоевич келип кеткенде айылдарда генплан жок деген суроо болгон. Ошого байланыштуу айылдарда генпландарды карагыла да чечилсин  деген тапшырма келген. Генпланды 30га жерге 500мин сом акысын алып койчу. Президенттин талабы менен  менен генпландарды чийүү акысы бекер боло турган болду. Ошол үчүн  тез арада айылдык кенештин токтомиу мененар бир участоктордо социалдык обьектилер, мисалы керек болсо тротуарларга скамейкалардан бери протоколго жазылыш керек экен. Ал жактан тиешелүү адистер дрондор менен келип тартышат. Сиздер протоколго киргизип сунуштарынарды ар бир айыл участок боюнча бериниздер.

Төрага-анда сунушунарды айыл-айыл боюнча, анын ичинен участоктор боюнча бере баштагыла. Биринчи Кара-Жыгач айылынан баштайлы.

У.Бучуков- Кара-Жыгач айылындагы Кызыл-Андан 3га жерге парк курулса.

1. Эс алуу паркы айыл ичине

Жаны турак жай түшө турган участокторго

2. Бала бакча
3. Мечит
4. Мектеп
5. Көп кабатуу көп квартиралуу турак үйлөр
6. Балдар үчүн оюн аянтчалары, спорт аянтчалары
7. Трансформатор ордулары
8. Аз камсыз болгон турак жай алуучуларга бир көчөдөн катары менен берүү себеби араб өлкөлөрүнөн келген донорлор бир көчөнү салып беришет экен.
9. Тротуарлар, скамейкалар.
10. Жеке ишкерлерге тейлөөчү, кызмат көрсөтүүчү аянттар.

Г.Куттубаева, Р.Аскарбеков, Э.Мусабаевалардын сунушу боюнча Торкен айылынын асты жак участогуна

1. ФАП үчүн аянт.
2. Балдар үчүң оюн аянтчалары
3. Күрөш залы
4. Бостектир участогуна бала бакча
5. Жаштар үчүн окуу борбору.

Р.Тилекматов, Г.Куттубаевлардын сунушу боюнча Торкен айылынын үстү жак участогуна

1. Муниципалдык ишкана үчүн гараж.
2. Тортуарлар, скамейкалар
3. Бишкек-Ош жолунун трассасынан окуучу балдар өтүүчү жер алдынан өтүүчү өткөөл.
4. Жаны мектеп

Жаны турак жай салуу үчүн берилген участокторго Аэропортко

5. Бала бакча
6. Мечит
7. Мектеп
8. Көп кабатуу көп квартиралуу турак үйлөр
9. Балдар үчүн оюн аянтчалары, спорт аянтчалары
10. Трансформатор ордулары
11. Аз камсыз болгон турак жай алуучуларга бир көчөдөн катары менен берүү себеби араб өлкөлөрүнөн келген донорлор бир көчөнү салып беришет экен.
12. Тротуарлар, скамейкалар.
13. Жеке ишкерлерге тейлөөчү, кызмат көрсөтүүчү аянттар (тигүү цехи, тойкана)

Көтөрмө айылы боюнча А.Абазова, Ж.Исаков жана Т.Малабековдор сунушу боюнча

1. Айыл ичине парк
2. Тротуарлар, скамейкалар.
3. Бишкек-Ош жолунун жээгине автомойка, тейлөөчү, кызмат көрсөтүүчү аянттар,
4. Мечит,
5. Минифутбол

Көтөрмө айылынын жаны турак жай участокторуна

6. Бала бакча
7. Мечит
8. Мектеп
9. Көп кабатуу көп квартиралуу турак үйлөр
10. Балдар үчүн оюн аянтчалары, спорт аянтчалары
11. Трансформатор ордулары
12. Аз камсыз болгон турак жай алуучуларга бир көчөдөн катары менен берүү себеби араб өлкөлөрүнөн келген донорлор бир көчөнү салып беришет экен.
13. Тротуарлар, скамейкалар.
14. Жеке ишкерлерге тейлөөчү, кызмат көрсөтүүчү аянттар (тигүү цехи, тойкана)

Төрага- айылдар боюнча сунуштар башка жокпу, жок болсо колго салам. Жогорудагы айылдар боюнча талкууда айылдардын башкы планын чийүүдө сунуштар эске алынсын деген депутаттар добуш берүүнү сурайм. Каршы калыс жок сунуштар бир добуштан кабыл алынды. Токтом долбоору окулду.

Анда эмесе кийинки 2-маселеге өтсөк. Маалымат берет Э.Жуматаев

Э.Жуматаев-урматтуу депутаттар өткөндө өндүрүштүк зонаны карап жайыттан өндүрүштүк зонага которууга макулдук берип жатканда 0,80га жерге жайнаштырууга муницпалдык ишкана үчүн гараж салуу калып калыптыр. Бул жер жанагы мини-футбол аянтчасынын арт жагындагы эски мүрзөлөрдүн орду. Ошондуктан ушул 0,80га жайыт жерди мурдагы токтомдогу өндүрүштүк зонага аняттарына кошуп которууга макулдук берип коюуну сурайм.

Р.Тилекматов-Эрлан трансформация боюнча планын барбы, канча кишиге жер берилет. Мектеп ФАП жана башкалар планга киргенби.

М.Кадыркулов-биз азырынча эч нерсе чеч албайбыз. Сиздер убагында сунуштайсыздар комиссия менен.

У.Бучуков- азыр кайсы жерлер обьект болуп кирип жатат. Өзүнөр билесинер биз колдоп берели, картаны берсениздер ошого жараша сунуш берели. Калк жыш жайгашпаган жерлерге деле мектеп сунуш кыла бересинерби.

И.Өмүрбеков- мусор полигонго же өндүрүштү зоналарга макулдук береρде РЭС менен макулдашып койгула.

М.Кадыркулов- сиздер макулдук бергенден кийин тиешелүү органдардан дагы кол койдурулат.

Төрага- 2-маселе боюнча сунуштар жокпу, жок болсо колго саламын өндүрүштүк зонанын жалпы аянтына муниципалдык ишкана үчүн гараж салууга 0,80га жер аянтына макулдук берүүгө добуш берип коюнуздар. Каршы калыс жок юир добуштан колдошту. Токтом долбоору окулду.

Үчүнчү маселе боюнча маалымат берет У.Бучуков

У.Бучуков- урматтуу депутаттар, сиздер Кара-Жыгач айылынын кулуну Бишкек шаарындагы Арабаев атындагы окуу жайда мугалим, декан илимдин доктору Акматов Руслан Тынымсейитовичти кыскача тааныштырып өтөйүн. Бул киши Кара-Жыгачтык, Токтогул районун изилдеп чыккан, диссертация жактаган жана география илиминин доктору, 7 китептин автору. Көптөгөн наамдарды ээси. Жасаган эмгектерин атап өтсөм:
Илимий жана окуу-методологиялык эмгектеринин тизмеси

1. Кыргызстандын суу сактагычтары. 2006жыл
2. Кыргызтснадын эндем жана сейрек учуроочу өсүмдуктөрү. 2009жыл
3. Токтогул суу сактагычынын энергетикалык максатта пайдаланылышы. 2011
4. Гидрология (окуу-методикалык комплекс)
5. Жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу проблемалары.2014жыл
6. Кыргызстандын геоэкологиялык абалы. 2015жыл
7. Применени ГИС в процессе анализа использование водных ресурсов в странах Центральной Азии на современном этапе (на примере Аральского моря и реки нарын) 2016-жыл
8. Влияние Токтогульского водохранилища на окуржающую среду. 2016жыл

Жана башка эмгектери мында жалпы 29 эмгеги бар экен.

Арасында англис тилинде да жазылгандары бар экен. Сертификаттары бар экен. Россиянын Екатеринбург шаарындагы конференцияда катышкан эмгектери бар экен. Кыскасы мына өзүнөргө көргөзүп коеюун ушул эмгектери менен Кара-Жыгач айылынан чыккан кулунубуз жалан айылга эмес, районго эмес республикалык масштабдагы илимий иштери менен кызмат кылып келе жатат. Өзү бизге айткан деле жок, бирок биз аны көрүп угуп турган айыл эли, кенештин депутаттары колдоп аталган наамга сунуштап коелуУшул адамды Токтогул районунун ардактуу атуула наамына көрсөтүүнү чечтик. Кара-Жыгач айылынын дагы элдик жыйындын токтому бар айылдык кенешке ардактуу наам берүүгө сунуштоо жөнүндө.

Р.Тилекматов-ардактуу наам кандай кишиге берилет. Райондо жашаш керекпи.

Э.Мусабаева-эгер грамота берилсе 3копиядан документ даярдалчу, жобого ылайык даярдалчу эле.

У.Бучуков-айылдык кенеш уюшуп грамота берсек болот эле.

Төрага- депутат Куттубаева уюштуруп биринчи грамоталар берилген.

У.Бучуков-сессиянын токтому менен берсек жакшы болот эле.

Торага –мен сунуштаган адамды мен өзү көргөн эмесмин, китебин окуп чыккам. Сунушту берип кое берели.

У.Бучуков-өкмөткө сунуш берели.

М.Кадыркулов- бул сунушту районго мен берем. Район Жобосуна ылайык берет. Мага негиздеме керек. Ошонун ичинен сессиянын токтомунун сунушу керек.

Төрага- анда дагы талкуу же сунуш барбы, жок болсо Акматов руслан Тынымсейитовичти Токтогул районунун ардактуу атуулу наамына сунуш берүүгө макулдук берген депутаттар кол көтөрүп добуш берениздер. Каршы калыс жок.

Токтом долбоору окулду.

Төрага- Урматтуу депутаттар күн тартибиндеги каралуучу маселелер бүттү. Кимде кандай сын пикир бар? Эгер жок болсо анда келгениңиздерге рахмат. Сессия ушуну менен аягына чыкты. Сессияга катышканыңыздарга рахмат.

**Кеңештин төрагасы** **К.Таалайбек уулу**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>ТОКТОГУЛ РАЙОНУ<br>АБДЫ СУЕРКУЛОВ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АБДЫ СУЕРКУЛОВ<br>АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОКТОГУЛЬСКИЙ РАЙОН<br>АБДЫ СУЕРКУЛОВСКИЙ<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>АБДЫ СУЕРКУЛОВСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Абды Суеркулов айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезексиз XVIII сессиясынын**

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

16-июнь 2022-жыл № 63 Торкент айылы.

Абды Суеркулов айыл өкмөтүнө караштуу Торкен, Көтөрмө жана Кара-Жыгач айылдарынын архитектуралык башкы пландарын даярдоодо керектүү социалдык жана башка обьектилерди камтуу үчүн сунуштарды берүү жөнүндө.

Абды Суеркулов айыл өкмөтүнө караштуу Торкен, Көтөрмө жана Кара-Жыгач айылдарынын архитектуралык башкы пландарын даярдоодо керектүү социалдык жана башка обьектилерди камтуу үчүн сунуштарды берүү жөнүндөгү маселени Абды Суеркулов айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезексиз XVIII сессиясы карап жана талкуулап

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Абды Суеркулов айыл өкмөтүнө караштуу Торкен, Көтөрмө жана Кара-Жыгач айылдарынын архитектуралык башкы пландарын даярдоодо Торкен, Көтөрмө жана Кара-Жыгач айылдарына тиешелүү социалдык жана башка обьектилерди камтыган сунуштар берилсин.

2. Бул токтом мамлекеттик тилде кабыл алынды.

3. Токтомду мыйзамда каралган тартипте каттоого алуу жана www.torken.kg веб сайтына жайгаштыруу жооптуу катчы Т.Кебековго тапшырылсын.

4. Бул токтом www.torken.kg сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Кеңештин төрагасы** **К.Таалайбек уулу**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>ТОКТОГУЛ РАЙОНУ<br>АБДЫ СУЕРКУЛОВ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АБДЫ СУЕРКУЛОВ<br>АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОКТОГУЛЬСКИЙ РАЙОН<br>АБДЫ СУЕРКУЛОВСКИЙ<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>АБДЫ СУЕРКУЛОВСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Абды Суеркулов айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезексиз XVIII сессиясынын**

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

16-июнь 2022-жыл № 64 Торкент айылы.

Торкен айылынын жайыт жеринен өнөр жай жана транспорт байланыш категориясына трансформациялоодо кошумча аянттардын кошулушуна байланыштуу 26-май 2022-жылдагы №61-токтомду өзгөртүү жөнүндө.

Торкен айылынан жайыт жеринен өнөр жай жана транспорт байланыш категориясына трансформациялоодо кошумча аянттардын кошулушуна байланыштуу 26-май 2022-жылдагы №61-токтомду өзгөртүү жөнүндөгү маселени Абды Суеркулов айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезексиз XVIII сессиясы карап жана талкуулап

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Торкен айылынан жайыт жеринен өнөр жай жана транспорт байланыш категориясына трансформациялоодо кошумча аянттардын кошулушуна байланыштуу Абды Суеркулов айылдык кеңешинин 26-май 2022-жылдагы IX чакырылышынын XVII сессиясынын №61-токтомунун 1-пункту өзгөртүлсүн жана 2-пунктта көрсөтүлгөндөй редакциялансын.

2. Абды Суеркулов айыл өкмөтүнө караштуу Торкен айылынын Кара-Булак участогунан №1311, 1310, 1287, 1292-контурларындагы 3,5га жайыт жеринен, Арал участогунун №834, 854, 1397-контурундагы 10,9га жайыт жеринен, жалпы 14,4га жайыт жер аянтын өнөр жай жана транспорт байланыш категориясына трансформациялоого макулдук берилсин.

3. Бул токтом мамлекеттик тилде кабыл алынды.

4. Токтомду мыйзамда каралган тартипте каттоого алуу жана www.torken.kg веб сайтына жайгаштыруу жооптуу катчы Т.Кебековго тапшырылсын.

5. Бул токтом www.torken.kg сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Кеңештин төрагасы** **К.Таалайбек уулу**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**ТОКТОГУЛ РАЙОНУ**
**АБДЫ СУЕРКУЛОВ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АБДЫ СУЕРКУЛОВ**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТОКТОГУЛЬСКИЙ РАЙОН**
**АБДЫ СУЕРКУЛОВСКИЙ**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**АБДЫ СУЕРКУЛОВСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**Абды Суеркулов айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезексиз XVIII сессиясынын**

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

16-июнь 2022-жыл № 65 Торкент айылы.

Абды Суеркулов айыл өкмөтүнө караштуу Кара-Жыгач айылынан тургуну география илиминин доктору Акматов Руслан Тынымсейитовичти Токтогул районунун “Ардактуу атуулу” наамына сунуш кылуу жөнүндө.

Абды Суеркулов айыл өкмөтүнө караштуу Кара-Жыгач айылынан тургуну география илиминин доктору Акматов Руслан Тынымсейитовичти Токтогул районунун “Ардактуу атуулу” наамына сунуш кылуу жөнүндөгү маселени Абды Суеркулов айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезексиз XVIII сессиясы карап жана талкуулап

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Абды Суеркулов айыл өкмөтүнө караштуу Кара-Жыгач айылынан тургуну география илиминин доктору Акматов Руслан Тынымсейитович Токтогул районунун “Ардактуу атуулу” наамына сунушталсын.

2. Бул токтом мамлекеттик тилде кабыл алынды.

3. Токтомду мыйзамда каралган тартипте каттоого алуу жана www.torken.kg веб сайтына жайгаштыруу жооптуу катчы Т.Кебековго тапшырылсын.

4. Бул токтом www.torken.kg сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Кеңештин төрагасы** **К.Таалайбек уулу**